КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

723808 Бакай-Ата району, Ак-Дөбө айылы,
Айдар көчөсү № 83, тел. (03457) 6-02-30

723808 Бакай-Атинский район, село Ак-Добо,
улица Айдара №83, тел. (03457) 6-02-30

ТОКТОМ

ПОСТАНОВЛЕНИЕ

05.10. 2026-ж. **№ 59** **Ак-Дөбө айылы**

Биримдик айыл аймагынан 2027-жылга долбоорлорго сунуштоо жөнүндө.

Биримдик айыл өкмөтүнүн башчысынын долбоорлорго сунушун угуп талкуулап, Биримдик айылдык кеңешинин II чакырылышынын X кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Бакай-Ата райондук өнүктүрүү фондуна төмөндөгү обьекттер сунушталсын:
   1).Ак-Дөбө айылындагы В.Е.Чемерисов маданият үйүнүн жанындагы эс алуу паркы 15 000 000 (он беш миллион)сомго;
   2). Ак-Дөбө айылындагы кичи футбол аянтчасы 1 200 000 (бир миллион эки жүз миң) сомго;
   3). Кызыл-Чарба айылындагы балдар оюн аянтчасына 800 000 (сегиз жүз миң) сомго;
   4). Кызыл-Сай айылындагы Шаршенбай жалпы билим берүүчү орто мектебине видео көзөмөл орнотууга 377 000 (үч жүз жетимиш жети миң) сомго:
   5).Кең-Арал айылындагы А.Арыстанов жалпы билим берүүчү мектебине 175 комплект парта алуу үчүн 1050000 (бир миллион элүү миң) сомго:
   6). Өзгөрүш айылындагы С.Собуров жалпы билим берүүчү орто мектебине 52 комплект парта 312 000 (үч жүз он эки миң) сомго;
   7). У.Акынбеков жалпы билим берүүчү орто мектебине 105 комплект парта 630 000 (алты жүз отуз миң) сомго;
   8). Ак-Дөбө айылындагы Акчал уулу Дүйшөн жалпы билим берүүчү орто мектебине 140 комплект парта 840 000 (сегиз жүз кырк миң) сом акча каражатына сунушталсын.

2. Ушул токтом каттодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарына жарыялансын.
3. Ушул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **Т.Бечелов**